**Бакиева Н.А. КББАнын мектепке чейинки**

**жана башталгыч мектептик билим берүү**

**лабораториясынын башчысы**

**Сыйдалиева Бактыгүл Төрөбековна**

**№29 “Дилгир” мектепке чейинки билим**

**берүү уюмунун директору**

**Сабак:** Айлана-чөйрө менен таанышуу

**Тайпа:** Мектепке чейинки билим берүү мекемелеринин жогорку жана мектепке даярдоо

**Тема:** “Электр энергиясын үнөмдөйлү”

**Максаты:** Балдардын электр энергиясы жөнүндөгү билимдерин жалпылоо; Энергия ресурстарына аяр мамиле жасоого тарбиялоо; Балдарда жылуулукту үнөмдөө зарылдыгы түшүнүгүн өнүктүрүүнү улантуу.

**Колдонулган каражаттар:** интерактивдүү доска, түстүү калемдер, барактар, топ

**Сабактын жүрүшү.**

**Уюштуруу мүнөтү:**

**Тарбиячы:** Зым аркылуу чуркашат
Үйлөргө жарык чачат. *(Электр тогу)*
Саламатсыздарбы балдар, бүгүн биз электр тогу, электр жарыгы, энергиясы тууралуу сүйлөшөбүз.
Ал эми бүгүн бизде конок бар. Ал газ менен суунун канча эсе коромжу болгонун чыкылдап эсептеп турган эсептегич.
*(Эсептегич кирип келет)*
**Эсептегич:** Саламатсыңарбы, балдар! Мен эсептегичмин. Менин ичимде сандар бар, санаганды аябай жакшы көрөм. Сандар аз болсо маанайым жакшы, анткени адамдар энергияны үнөмдөп жатканын билдирет, ал эми ичимде сандар көп болсо кээде мен капа болом, анткени адамдардын энергияны үнөмдүү эмес кор пайдаланып жатканын билдирет. А силер энергияны кандай пайдаланасыңар?
**Тарбиячы:** Биз колубуздан келишинче үнөмдүү болгонго аракет кылабыз. Дайыма жарыкты өчүрөбүз, крандагы сууну бекем жабабыз.
**Эсептегич:** Ой билбейм, менин оюмча балдар энергия эмне экенин жана аны кандай пайдаланышты билишпейт окшойт.
**Тарбиячы:** Эсептегич, азыр баарыбыз чогуу электр энергиясы жөнүндө түшүнүк алып, баарлашалы. Силер кандай ойлойсуңар, электр энергиясы жакшыбы же жаманбы?
**Оюн “Жакшы-жаман”**
Электрдин жакшы жагы...(көчөлөрдү, үйлөрдү жарыктандырат, адамдар
Анын жардамы менен идиш-аяктарды жууйт, тамак жасайт, кир жуушат, телевизор көрүшөт, телефон, компьютерди колдонушат ж.б.)
Электрдин кооптуу жагы... (туура эмес колдонуу өмүргө кооптуу)
**Тарбиячы:** Электр приборлору менен иштөөнүн эрежелери (шнурду тартпоо, розеткага манжаны салбоо, чоңдордун уруксаты жок күйгүзбөө)
Электр приборлору жок жашоону элестете аласыңарбы?
**Оюн:** “Эмне болмок?”
**Шарты:** Балдар тегерете турушат, тарбиячы улам бир балага топту ыргытып суроо салат, бала жооп берет.
*Суроолор*: Эгерде чаң соргуч (муздаткыч, радио, электр шамы, кир жуучу машина, үтүк, телевизор, компьютер, дрель, чач кургатуучу фен) жок болсо, ордуна эмнени колдонмокпуз?
Балдар кичине чарчай түштүк, анда кыймылдуу көнүгүү жасайлы.
Шарты: Балдар тегерете чуркашат. “Токто!” деген сигналды укканда токтошот, “Жарык” деген сигналды укканда колдорун көтөрүп ордунда айланышат.

Балдар, билесиңерби, электр энергиясы жаратылышта да кездешет. Ага мисал чагылган. Чагылган – күчтүү электр разряды. Ал булуттардан жерге өтөт. Чагылгандын күчү ушунчалык, бийик дарактарды, темирден жасалган нерселерге, ачык аймактардагы кыймыл-аракеттеги объекттерге тиет.
Ошондой эле деңиздеги скат деген балык тамактануу же коргонуу үчүн өзүнүн денесиндеги электр энергиясын чыгарат.
Балдар, адамдын жашоосунда тиричиликтеги эң маанилүү нерселер: суу, жарык, жылуулук жана тамак-аш. Мунун баарын бир сөз менен энергия деп айтабыз. Ошондо бир адамга канча энергия керектелет? Ал эми ааламда адамдар канча убакыт жашашат? Ушунча көп адамдар болсо, энергияны үнөмдөбөсөк баарына жетеби? Албетте жок. Бара-бара кимдир бирөөгө жылуулук, дагы бирөөлөргө суу, газ, жарык жетпей калышы мүмкүн. Ошондуктан балдар, энергияны ааламдагы эң керектүү зат катары баркташыбыз керек. Биз дайыма эсибизге сактап, аткара турган эрежелерди эстеп коелу.

**Жарыкты үнөмдөш үчүн:**

1. Үйдөн чыгып жатканда дайыма жарыкты өчүрүш керек.
2. Электр приборлорун көп күйгүзбөө.
3. Күндүн жарыгы тийип турганда жарыкты күйгүзбөө.
4. Телевизорду көрбөсөк жөн гана иштеткен бойдон таштабоо керек.
5. Жарыкты үнөмдөгөн электр шамдарын колдонуу керек.
6. Алардын чаңын сүртүп, тазалап туруу керек.
7. Электрикти чакыруу.

**Сууну үнөмдөш үчүн:**

1. Крандын оозун жакшылап бекитүү;
2. Сууга үнөмдөө эсептегичин коюу;
3. Сантехникти чакыруу.

**Жылуулукту үнөмдөш үчүн:**

1. Жылуулук батареясына үнөмдөгүчтү орнотуу;
2. Кычыктарды жел кирбегендей кылып бүтөө;
3. Терезелерди кош айнек терезелерине алмаштыруу.

**Газды үнөмдөш үчүн:**

1. Газга газ эсептегичин орнотуу;
2. Катуу суук болгондо газ менен жылуулатпай, отунга өтүү туура.

**Тарбиячы:** Мына балдар, үнөмдөөнүн эрежелерин кайталап, эстеп алдык.
**Эсептегич:** Эгер баары ушундай эрежелерди сактаса, так аткарса суу, газ, жарык, жылуулук көп жылдарга жетет. А мен силерге эстелик үчүн сыйкырдуу электр шамын белекке берейин. Ал шам жөн шам эмес ал жарыкты үнөмдөөчү шам.
*(Боёгучтарды таратуу)*
**Эсептегич.** Силер жарык үнөмдөөчү шамдарды боёгуча мен үйлөрдү кыдырып жарыкты өчүрдүңөрбү деп текшерип чыгайын. Саламатта калгыла, балдар!
**Тарбиячы:** Саламатта бар. Бизге дагы келип тур.

Сабактын аягында балдар менен чогуу сабак жыйынтыкалат. Багытталган суроолорду берүү арылуу тарбиячы өтүлгон сабакты бышыктайт.